**1. «Апакемдин кээде эсимден чыгарып,
Асты унутпай сени эстеп сагынып», - деп акын Омор Султанов эмне жөнүндө айтып жатат жана ал ыр кандайча аталат?**

A) Ысык – Көл жөнүндө; «Кош Ысык - Көл» деп аталат

B) атасы жөнүндө; «Атакем дайым эсимде» деп аталат

C) Ала – Тоо жөнүндө; «Ала – Тоом асыл турагым» деп аталат

D) сүйгөн шаары жөнүндө; «Сүйгөн шаарым Фрунзем» деп аталат

**2. Акын Омор Султанов эмне деген ырында, кайсы оюнду турмуш оюнуна салыштырып, биздин ар күнкү күрөшүбүз спорт аянтындагы күрөш болуш керектигин били жүрүшүбүз зарыл деген ойду айтат?**

A) «Каратэ» деген ырында

B) «У-шу» деген ырында

C) «Бокс» деген ырында

D) «Футбол» деген ырында

**3. Омор Султанов «Алтай… Алтай» деген ырында эмне деген ойду айтат?**

А) Алтайдын сулуулугунд

В) Алтайдын оор абалын

С) Алтайдын унутта калган жер экендигин

D) Манас атам төрөлгөн асыл жер экендигин, биз аны ар качан сагынаарыбызды

**4. Акын Омор Султанов «Жоокер» деген ырында эмне жөнүндө кеп кылат?**

A) байыркы жоокерчилик заманда өткөн жоокерлер жөнүндө

B) басмачылар мененкүрөшкөн кызыл отряддын жоокерлери жөнүндө

C) душманга туткунга түшүп калган жоокердин кайраттуулугу, кажыбас эрки жөнүндө

D) Атасы кан майдандан кайтпай калып, бүгүн өзү эр жетип, посто турган жоокер жөнүндө

**5. Драматург Ж.Садыков «Манас» эпосунун сюжетинин негизинде канча пьеса жазган жана алар кандайча аталышат?**

A) экини; «Манас», «Семетей баатыр»

B) бирди гана; «Бабабыз Манас»

C) Үчтү; «Айкөл Манас», «Манастын уулу Семетей», «Сейтек»

D) Төрттү; «Баатыр Манас», «Семетей», «Кыраан Сейтек», «Каныкей»

**6. Ж.Садыковдун «Манастын уулу Семетей» пьесасы кандай окуяны сүрөттөө менен башталат?**

A) Көкөтөйдүн ашын сүрөттөө менен

B) Кыргыздын Алтайдан Ала – Тоого көчүшүн сүрөттөө менен

C) Көзкамандардын окуясын сүрөттөө менен

D) Манас баатыр каза болуп, элдин кара кийип аза күтүп олтурганын сүрөттөө менен

**7. Ж.Садыковдун «Манастын уулу Семетей» драмасындагы Абыке, Көбөштөр кимдер жана алар кандай иш жасашат?**

A) Абыке, Көбөш Манастын аталаш бир туугандары, Манас өлгөндө ордосун чаап алышып, Каныкейди аялдыкка алабыз дешет

B) Абыке, Көбөш Көкөтөйдүн балдары

C) Абыке, Көбөш Алманбет менен кошо келген баатырлар, Манаска жардам беришет

D) Абыке, Көбөш Коңгурбайдын жигиттери, кыргызды чаап алууга катышышат

**8. Акын Жолон Мамытовдун «Буурул таңдын жомогу» поэмасындагы адашып кеткен бала Чилтенди жин – перинин кыздарынан ким бошотуп алат?**

A) атасы

B) бир туугандары

C) Алпкара куш

D) Жолборс

**9. Ж.Садыковдун «Манастын уулу Семетей» драмасындагы Семетей Ысмайылдын баласы эмес, Манастын баласы экендигин, Каныкей эжеси эмес, энеси экендигин ага ким жана кайсы жерде айтат?**

A) чоң энеси Чыйырды боз үйүнө чакырып алып айтат

B) чоң атасы Жакып Таласка чакырып алып айтат

C) Ысмайылдын кызы Кишимжан үйүндө уруша кетип айтат

D) Сарытаз издеп келип, токойдон жолугуп айтат

**10. Б.Жакиевдин «Атанын тагдыры» драмасы кайсы мезгилдеги окуяларды сүрөттөйт?**

A) Улуу Ата Мекендик согуш учурун жана согуштан кийинки 6, 7 жыл өткөндөн кийинки мезгилдеги турмушту

B) Басмачылар кыймылы

C) Колхоздоштуруу учурундагы турмушту

D) Азыркы күндөгү турмушту

**11. Б.Жакиевдин «Атанын тагдыры» пьесасынын негизги өзөгүн кимдин башынан өткөргөн окуялар түзүп турат.**

A) Акылбек карыя менен небереси Жеңишбектин башынан өткөргөн окуялар

B) Акылбек карыя менен кызыл отряддын командири Жапардын башынан өткөргөн окуялар

C) Акылбек карыя менен Толгонайдын башынан өткөргөн окуялар

D) Акылбек карыя менен Кычандын башынан өткөргөн окуялар

**12. Б.Жакиевдин «Атанын тагдыры» пьесасында Акылбек карыянын келини Зуура эмне үчүн төркүнүнө кайра кетет?**

A) кайра – кайра ооруп, түк айыга албай койгонунан

B) күйөөсү Болотбек менен оту күйүшпөй калгандыктан

C) күйөөсү Болотбек согуштан кайтпай калгандыктан

D) төрөбөй калып, күйөөсү Болотбек менен ажырашып кеткендиктен

**13. Дагы кайсы чыгармада, ким деген каарман Акылбек карыяга окшош майданга кетип кайтпай калган уулун күтүп пароходду тосуп көл жээгине күндө келет?**

А) Т. Сыдыкбековдун «Биздин замандын кишилери» романындагы Акман карыя

В) Ч. Айтматовдун «Кылым карытар бир күн» романындагы Казангап карыя

С) У. Абдукаимовдун «Майдан» романындагы Молдоибрагим карыя

D) А. Осмоновдун «Жеңишбек» поэмасындагы Миңбай карыя

**14. Б.Жакиевдин «Атанын тагдыры» драмасындагы Акылбек карыянын «туяктан калган туягы» Жеңишбек кандай бала болуп чоңойду?**

A) башынан тентек болуп, аягына чейин ошондой бойдон калды

B) башынан тентек болуп, анан кийин акыл эсине кирди

C) башынан эле акылдуу, ар нерсеге түшүнгөн бала болуп өстү

D) башынан акылдуу болуп, кийин тентеги ашынган начар бала болуп өстү.

**15. Акын Жолон Мамытовдун «Буурул таңдын жомогу» поэмасында Чилтен баатырдын жакшы көргөн кызы ким жана ал кыз үчүн ким менен күрөшөт?**

A) Айкөкүл; Чортон баатыр менен күрөшөт

B) Айжамал; Чөөлөрдүн падышасы менен күрөшөт

C) Кежебай; Опол Дөө менен күрөшөт

D) Үпөлтай; Кара Дөө менен күрөшөт

**16. «Сабаса да апа жакын балага**

**Сабасвң да ыйлаар элем «апалап» же:**

**Энелердин бардыгын тең …**

**Башкага –**

**Бакыт жасап бериш үчүн жараткан», - деген саптар Турар Кожомбердиевдин кайсы чыгармасынан алынды?**

A) «Апа, бала жана түн»

B) «Акын жана апа»

C) «Апамдын ыры»

D) «Апа»

**17. Акын Турар Кожомбердиевдин «Апа» поэмасында окуялар кандай ыкмада берилген?**

A) апа менен баланын сүйлөшүүсү катары

B) лирикалык каармандын апасы жөнүндөгү эскерүүсү катары

C) апанын өз башынан өткөргөн окуяларын баласына айтып берген аңгемеси катарында

D)лирикалык каармандын апасы жөнүндө анын атасынын эскерүүсү катарында

**18. «Адам болгум келет» повестинен башка Т. Касымбековдун дагы кандай чыгармаларын билесиңер?**

A) «Жеңишбек», «Толубай сынчы» поэмаларын

B) «Тоо арасында», «Тоо балдары» романдарын

C) «Ак Мөөр», «Жылдыздарга саякат» поэмаларын

D) «Сынган кылыч», «Келкел» романдарын

**19. Т.Касымбековдун «Адам болгум келет» повести кандай темага арналган чыгарма?**

A) өткөн кылымдагы окуяларга арналган чыгарма

B) жаштар турмушуна арналган чыгарма

C) аялдар теңдигине арналган чыгарма

D) космостук темага арналган чыгарма

**20. Т. Касымбековдун «Адам болгум келет» повестинде окууга өтпөй калган башкы каарман Асылбектин атасы кандай адам болуп өссүн деп тилейт?**

A) алдым – жуттум болуп, башкалардан өзгөчөлөнүп жашоосун каалайт

B) жоош – момун болуп, башкаларга зыяны жок жүрүшүн каалайт

C)илим – билимге жетишип, акылдуу болуп өссүн деп тилейт

D)эч кимге кара санабаган ак көңүл болуп өссүн деп тилейт

**21. Т. Касымбековдун «Адам болгум келет» повестинде кандай уламыш окуя баяндалат?**

A) олжого кеткен Майсара кыздын оор тагдыры жөнүндө уламыш

B) олжого кеткен Чынар сулуунун күйүттүү тагдыры жөнүндө уламыш

C) Бугу Эне жөнүндө уламыш

D) Раймалы ырчы менен Бегимай сулуунун күйүттүү тагдыры жөнүндө уламыш

**22. Т. Касымбековдун «Адам болгум келет» повестинде кандай окуя менен бүтөт?**

А) башкы каарман Асылбектин эңсеп жүргөн окуусуна өтүүсү менен бүтөт

В) башкы каарман Асылбектин катуу ооруга чалдыгышы менен бүтөт

С) башкы каарман Асылбектин атасы таап берген «майлуу» жерде иштеп калуу менен бүтөт

D) башкы каарман Асылбектин атасы таап берген «майлуу» жерди өз ыктыяры менен таштап, өз бактысын табуу үчүн Шамалды – Сай ГЭСине кетүүсү менен бүтөт

**23. Б.Жакиевдин «Атанын тагдыры» пьесасындагы Зууранын экинчи кайын энеси Оңолкан кандай кемпир?**

A) ар качан оорудан башы көтөрүлбөгөн кесел кемпир

B) ак көңүл, колу ачык жоомарт кемпир

C) тили заар, үйүндөгүлөрдүн баарын кууруган ажаан кемпир

D) эч нерсе менен иши жок дүлөй кемпир

**24. Ж.Садыковдун «Манастын уулу Семетей» драмасындагы Ысмайылдын кызы Кишимжан Семетейге кандай мамиледе?**

A) Кишимжан Семетейди жакшы көрөт

B) Кишимжан Семетейди иним деп аябай сыйлайт

C) Кишимжан үчүн Семетейдин бары жогу баары бир

D) Кишимжандын Семетейди көрөйүн деген көзү жок

# Жооптору:

1 – A
2 – C
3 – D
4 – D
5 – C
6 – D
7 – A
8 – D
9 – D
10 – A
11 – A
12 – C
13 – D
14 – B
15 – A
16 – D
17 – B
18 – D
19 – B
20 – A
21 – B
22 – D
23 – C
24 – D